Каралды

АК 2024 жылдын 4 июлундагы отуруму №9 протоколу

Бекитемин агенттиктин

Директору ____________ Бостонова П.З

**Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына аккредитациялоо жөнүндө күбөлүк берүүнүн тартиби**

1. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына, - анын ичинде шарттуу аккредитациялангандарга жарактуулук мөөнөтүн көрсөтүү менен аккредитациялык күбөлүк берилет.

Аккредитациялык күбөлүктүн формасын белгилөө жана бланктарды даярдоо «Сапаттуу Билим» агенттиги тарабынан өз алдынча ишке ашырылат.

Аккредитациялоо жөнүндө күбөлүктүн бланкы жана ага арыздын бланкасы корголгон басма продукциясы болуп саналат жана катуу отчеттуулуктун документи катары сакталууга жана эсепке алынууга тийиш.

2.Оң чечим кабыл алынган учурда "Сапаттуу Билим" агенттиги типографиялык ыкма менен программалык(институттук) аккредитациялоо жөнүндө тиркемеси бар сертификатты даярдайт, ага Директор кол коет жана "Сапаттуу Билим"агенттигинин мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Документтин түп нускасы билим берүү уюмуна жиберилет, документтин көчүрмөсү Агенттикте калтырылат. Аккредитациялоо жөнүндө Сертификат "Сапаттуу Билим" агенттиги тарабынан аны берүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып бир айлык мөөнөттө таризделет жана берилет.

3. Билим берүү уюмун (программаларын) аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирбестен "Сапаттуу Билим" агенттиги тескөөчү документти Улуттук реестрге киргизүү үчүн КР Билим берүү жана илим министрлигине жиберет. Аккредиттелген программалар жөнүндө маалыматтар жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

4. "Сапаттуу Билим" агенттиги аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестрин электрондук алып жүрүүчүдө жүргүзөт, анда аккредитацияланган билим берүү программалары киргизилет жана аларды кварталына бир жолу мезгилдүүлүк менен жаңылоо менен өзүнүн веб-сайтына жайгаштырат. Реестрди жүргүзүү боюнча отчет квартал сайын КР Билим берүү жана илим министрлигине отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирилбестен берилет.

5. Аккредитациялык билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестри чечим кабыл алынган, каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен хронологиялык тартипте түзүлөт. Реестр төмөнкү маалыматтарды камтыйт: агенттиктин аталышы; аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алган уюмдун толук аталышы, жайгашкан жери; уюмдун юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн маалыматтары; билим берүүчү уюмдун салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; чечим кабыл алынган дата, сертификаттын реквизиттери, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулук мөөнөтү; аккредитацияланган билим берүү программаларынын тизмеси; аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөөнүн негизи жана датасы; сертификаттын жарактуулугун токтотуунун негизи жана датасы.

.6. Аккредитацияланган билим берүү уюму бир айлык мөөнөттө КР юстиция органдарында катталган аталышындагы, жайгашкан жериндеги жана байланыш маалыматтарындагы бардык өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтарды ырастаган

документтерди тиркөө менен агенттикке жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Билим берүү уюму кайра каттоодо сертификаттын жарактуулугу сакталат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугу төмөнкү учурларда токтотулат:

- анын мөөнөтү бүткөндө;
- билим берүү уюму жоюлганда же ар кандай кайра уюштурулганда;
- сертификат берилген билим берүү уюму тиешелүү программаны ишке ашырууну токтоткондо (лицензияны кайтарып алуу же анын колдонулушун токтотуу).

7. Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон (бузулган) учурда билим берүү уюмунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча "Сапаттуу Билим" агенттиги арыз катталган күндөн тартып 15 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө документтин дубликатын берүү жөнүндө чечим кабыл алат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада "дубликат" белгиси менен таризделет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатынын көчүрмөсү агенттиктин аккредитациялык делосунда сакталат.

8. "Сапаттуу Билим" агенттиги аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыздардан жана билим берүү мекемелеринин тиркелген документтеринен, аккредитациялоо же баш тартуу жөнүндө Агенттиктин тескөө актыларынан, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттарды кайра тариздөө жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттардын тиркемелери менен көчүрмөлөрү, ошондой эле аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө документтерден жана ага тиркелген документтерден, текшерүүлөрдү жүргүзүү менен байланышкан документтерден турган аккредитациялык иш түзөт. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестри жөнүндө маалымат Агенттиктин көктөмөлөрүндө жыл бою сакталат жана андан ары белгиленген тартипте архивге өткөрүлүп берилет.